М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетине жана Кыргызстан Эл аралык университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 08.24.697 диссертациялык кеңешинин эксперитинин, экономика илимдеринин доктору, профессор Бексултанов Азисбек Абдилкариевич тарабынан, изденүүчү Шаршеева Нурмира Каныбековнанын 08.00.10- финансы, акча жүгүртүү жана насыя адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн "Кыргызстандын экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу көйгөйлөрү жана келечеги" темасындагы диссертациялык ишине

## КОРУТУНДУ

Шаршеева Нурмира Каныбековна "Кыргызстандын экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу көйгөйлөрү жана келечеги" боюнча диссертациялык ишин карап чыгып, төмөндөгүдөй корутундуга келди.

**1. Диссертациялык кенешке диссертацияларды коргооого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунушталган кандидаттык диссертация, диссертациялык кенештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште Кыргыз мамлекетинде калыптанган инвестирлөө механизмдерин кеңири талдоо менен чет өлкөлүк инвестициялардын жетишерлик тартылуусуна тооскоолдук болгон көйгөйлөрү аныкталып жана келечекте стимулдоочу инвестициялык саясатты өркүндөтүү жаатында мамлекеттик программаларды, чет элдик ийгиликтүү тажрыйбаларды жана учурдагы санариптештирүүнүн өнүгүшүн эске алуу менен биздин мамлекетке калыптандыруу боюнча сунуштар берилип, илимий теориялык, методикалык жактан кенири негиздемеленген.

Изилдөө, Кыргыз Республикасында өтүп жаткан инвестициялык процессин, потенциалы зор жана стратегиялык жактан өтө маанилүү энергетика тармагын талдоо аркылуу жүргүзүлдү. Аталган тармакта ири объектилер топтолгон жана бир эле мезгилде кошумча наркты бир нече эсеге чоңойтууга жана мамлекеттин экономикасына кубаттуу мультипликативдик эффектти түзүүгө мүмкүнчүлүгү бар тармак.

Бирок, өкүнүчтүүсү, бул тармакта орчундуу көйгөйлөр бар, алардын катарында Камбар-Ата-1, Камбар-Ата-2 жана башка ири долбоорлорду ишке ашыруу кыйынчылыктарды туудурууда. Себеби ички инвестициялардын жетишсиздиги чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу муктаждыгында, бирок аталган тармак мамлекттик монополияда болгондуктан, рентабельдүүлүгү төмөн жана инвесторлорго кызыкдар эмес.

Диссертант ишинде чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу боюнча финансылык механизмдерди өркүндөтүү боюнча сунуштарды талдап, негиздемелеп чыккан.

08.00.10- финансы, акча жүгүртүү жана насыя адистигинин паспортуна ылайык келет.

**2. Изилдөөнүн максаты** Кыргыз Республикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартып келүү боюнча теориялык жана практикалык сунуштамалардын жана сунуштардын комплексин иштеп чыгуу.

Коюлган максатка ылайык, диссертациялык иш төмөнкү милдеттерди коюуга жана чечүүгө багытталган:

1. Чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу аймагында жүргүзүлгөн теориялык жана практикалык изилдөөлөрдү окуп үйрөнүү жана системалаштыруу;
2. Кыргызстандагы стимулдаштыруучу инвестициялык саясатын жүзөгө ашыруу боюнча учурдагы финансылык механизмин изилдөө;
3. Өлкөнүн экономикасына чет өлкөлүк инвестирлөөнүн учурдагы абалын талдоо менен электр энергетика тармагын иликтөөнүн негизинде тийгизген таасири баалоо жана көйгөйлөрүн аныктоо;

4. Электр энергетикасында тарифтик саясатты изилдеп жана талдап, кызмат көрсөтүүлөрдү баалоонун жаңы моделин сунуштоо;
5. Чакан ГЭСтердин инвестициялык потенциалын аныктоо:
6. Электр энергетикасынын негизги көрсөткүчтөрү боюнча математикалык моделдөө түзүү менен болжолдоону сунуштоо жана өнүүнүн орточо тездиктеги мезгили үчүн инвестициялык стратегияны иштеп чыгуу.

**3. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу Кыргызстандын стратегиялык социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылууда жана улуттук экономиканы туруктуу каржылоо маселелерин чечүүдө чет өлкөлүк инвестицияларды активдүү тартуу зарылдыгы менен шартталат.

Чет өлкөлүк инвестициялардын мааниси жөн гана кошумча каржылоо булагын түзүүдө эмес, ошол эле учурда кабыл алуучу өлкөнүн өндүрүш технологияларын жаңылоо, эмгек өндүрүмдүүлүгүн арттыруу жана прогрессивдүү башкаруу ыкмаларын өздөштүрүү муктаждыгын канааттандырууда чагылат. Натыйжада чет өлкөлүк капиталдын натыйжалуу пайдаланылышы жаңы өндүрүштүк жана башкаруучулук мамилелердин калыптанышына өбөлгө түзөт.

Чет өлкөлүк инвестициялардын көлөмүн көбөйтүү — экономиканын кайра жаралуучу процесстеринин негизин гана түзбөстөн, ишсиздик деңгээлин төмөндөтүүнүн, салыктык түшүүлөрдү көбөйтүүнүн жана мамлекеттик бюджеттин киреше базасын кеңейтүүнүн маанилүү фактору болуп саналат. Ошондой эле ал дүйнөлүк менеджмент стандарттарын киргизүүгө, улуттук экономикада атаандаштык чөйрөсүн чыңдоого жана социалдык тармакты өнүктүрүүгө өбөлгө болот.

Ошол эле учурда, чет өлкөлүк инвестицияларды тартууну стимулдаштыруу менен катар аларды максаттуу жана рационалдуу пайдаланууну камсыз кылган финансы-инвестициялык саясатты иштеп чыгуу зарыл. Бул процессте мамлекет өзүнүн экономикалык суверенитетин жана улуттук кызыкчылыктарын сактоого багытталган натыйжалуу финансылык жана укуктук механизмдерди калыптандырууга тийиш. Ушундай жагдайларды эске алуу менен, изилденип жаткан тема бүгүнкү күндүн экономикалык реалдуулугуна жана мамлекеттик өнүгүү стратегиясынын максаттарына толук шайкеш келип, өзгөчө актуалдуулугу менен мүнөздөлөт.

**4. Илимий натыйжалар**

Диссертациялык иште жаны далилдүү теориялык натыйжалар берилген жана алардын жыйындысы экономикалык илимдин өнүгүшүнө тиешелүү салымын кошот.

Булардын өзөгүн төмөнкүлөр түзөт:

- Инвестиция теорияларынын өнүгүшүнүн тарыхый аспектилери негизделип, «инвестициялар», «чет өлкөлүк инвестициялар» түшүнүктөрү талданып, чет өлкөлүк инвестициялардын классификациясы системалаштырылды жана инвестирөө жөнүндө мыйзам чыгаруулар үчүн «краудинвестинг», «краудфандинг» түшүктөрүн киргизүү менен толуктоо жана механизмин ишке арттыруу бюнча схема сунушталды;
- чет өлкөлүк инвестицияларды тартуудагы Кыргыз Республикасында калыптанган инвестициялык стимулдардын тизмеси талданып, салык мыйзам чыгарууларына жаңы түзүлгөн ишканалар үчүн "салык каникулдары" менен катар чет мамлекеттердин тажрыйбасын эске алуу менен орто жана ири ишканаларга "инвестициялык салык насыясы" сыяктуу стимулдарды киргизүү механизми негизделди;
- өлкөдөгү чет өлкөлүк инвестициялардын учурдагы абалы менен экономикага тийгизген таасири талданып, көйгөйлөрү аныкталды жана ошо менен бирге энергетика тармагынын мисалында тартылган инвестициялардын натыйжалуулугу каралды;
- электр энергетика тармагындагы негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп аныкталган электрэнергяга болгон тарифти негиздөө ыкмасы сунушталды;
- чакан гидроэлектрстанцияларынын инвестициялык потенциалын аныктоо менен өркүндөтүү боюнча айрым сунуштар берилди;

- электр энергетикасынын негизги көрсөткүчтөрүнө математикалык баалоо жана баалоонун аякы жыйынтыгына таасир этүүчү бардык көз карандылыктарды эске алуу менен божомолдоо түзүлдү. Ошо менен бирге «Камбар-Ата-1,2» долбоорлорун ишке ашыруу үчүн калкты, анын ичинде жамааттык кардарларды, чет өлкөлүк инвесторлорду тартуу максатында IPOну өткөрүү зарылчылыгы негизделген, механизмди ишке киргизүүдө өкмөттүн кызыкчылыктары жана кийинки жөнгө салуусу зарылдыгын аныкталган.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.**

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүнөн келип чыккан практикалык натыйжалары, далилдүү сунуштар жана корутундулар тийиштүү министерство менен ведомстволордун инвестицияларды тартып келүү механизмдерин стимулдоодо жана жөндөөдө, стратегиялык программаларды түзүүдө колдонушу мүмкүн жана электрэнергетика тармагына да инвестицияларды тартуу боюнча илимий-колдонмо аракеттер тарифтик саясатты жүргүзүүдө, аталган тармакка инвестицияларды тартуу боюнча саясатында колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдары жогорку окуу процессинде бакалаврларды, магистрлерди даярдоо программасында жана "Инвестициялар", "Финансылык инвестициялык талдоо", "Баалуу кагаздар рыногу" курстары боюнча курстары боюнча дарстарды окууда окуу материалы катары, ошондой эле илимий изилдөө иштерине колдонууга болот.

**6. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине толук дал келет.

**7. Эскертүүлөр:**

1. Инвестиция түшүнүгүнө байланыштуу илимий аныктамалар ар түрдүү булактардан келтирилгени менен, автор тарабынан өздүк аныктама сунуштала элек.
2. Инвестициянын финансылык механизми боюнча элементтер белгиленгени менен, алар бирдиктүү система катары топтолгон эмес.
3. Фискалдык стимулдардын натыйжалуулугу боюнча жүргүзүлгөн талдоодо мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүндөгү өзгөрүүлөр толук ачылган эмес.
4. Краудфандинг жана краудинвестинг механизмдерин чагылдырган схемада ыйгарым укуктуу органдардын ролу жана милдеттери жетишсиз көрсөтүлгөн.
5. Акыркы жылдары ишке киргизилген чакан ГЭСтер боюнча маалыматтар жетишсиз берилген.
6. Диссертациянын библиографиялык тизмеси талапка ылайык түзүлбөгөн: айрым колдонулган булактар көрсөтүлбөй калган.
7. Кээ бир сүрөттөрдүн жана таблицалардын астында маалыматтын булагы көрсөтүлбөй калган.
8. Биринчи бөлүмдүн көлөмү ашыкча кеңейип, теориялык материалдын жүктөмү өтө чоң болуп калган.

**8. Сунуштар:**

1. Изилдөөнүн теориялык бөлүгүндө чет өлкөлүк жана ата мекендик изилдөөчүлөрдүн инвестиция түшүнүгүнө берилген аныктамалары кеңири каралган, бирок алардын негизинде автордук түшүнүк так жана системалуу формада сунуштала элек. Автор тарабынан өзүнүн илимий көз карашына таянган инвестициянын өздүк аныктамасын берүү сунушталат.
2. Инвестициялык процесстерди жөнгө салуучу финансылык механизмдердин элементтери өзүнчө талданганы менен, алар бирдиктүү түзүмгө келтирилген эмес. Авторго инвестициянын финансылык механизминин структурасын системалаштырып, өзүнүн автордук модели катары көрсөтүү сунушталат.
3. Изилдөөдө фискалдык стимулдардын ролу белгиленген, бирок алар боюнча конкреттүү механизмдер жана мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүндөгү өзгөрүүлөрдүн динамикасы жетиштүү деңгээлде ачылган эмес. Бул багытта салыштырма талдоо

жүргүзүп, фискалдык стимулдардын бюджетке тийгизген таасирин сандык көрсөткүчтөр менен толуктоо сунушталат.

4. Краудфандинг жана краудинвестинг механизмдерин киргизүү боюнча сунушталган модельдө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ролу жана функциялары толук чагылдырылган эмес. Бул схемада алардын өз ара аракеттенүүсүн, жоопкерчилик аймагын жана координация механизмин деталдуу көрсөтүү сунушталат.
5. Электр энергетика тармагында IPO механизми сунушталган, бирок эл аралык тажрыйбада каралган эмес. Ошол эле тармактагы чет өлкөлүк IPO аркылуу ишке ашкан долбоорлордун натыйжалуулугун мисал катары кошуу сунушталат.
6. Чакан гидроэлектр станциялары (ГЭСтер) боюнча акыркы жылдарда ишке киргизилген долбоорлор жөнүндө маалыматтар толук берилген эмес. Бул багыттагы расмий статистикалык маалыматтарды жана долбоорлордун ишке ашуу натыйжаларын кошумчалоо сунушталат.
7. Биринчи бөлүмдүн көлөмүн оптималдаштырып, негизги теориялык материалды кыскача системалаштыруу сунушталат. Ошондой эле диссертациянын библиографиялык тизмесин жана ар бир сүрөт, таблица астындагы маалымат булагын толук көрсөтүү зарыл. Бул иш изилдөөнүн илимий тактыгын жана академиялык стандарттарга шайкештигин камсыз кылат

**9.Сунуштамалар:**

Диссертациянын мазмуну илимий негизде терең иштелип чыккан, бирок айрым бөлүмдөрдө библиографиялык тизмеде форматтык каталар бар, сүрөттөр менен таблицалардын алдында булактар толук көрсөтүлбөгөн. Авторго биринчиден, колдонулган адабияттардын тизмесин толуктап, ГОСТ талаптарына ылайык так көрсөтүү; экинчиден, аналитикалык бөлүмдөрдү кыскача, бирок ырааттуу түзүү сунушталат. Жалпысынан, илимий иштин мазмуну диссертациялык талаптарга жооп берет.

**10. Корутунду:**

Илимий изилдөөлөрдүн жүрүшүндө алынган натыйжалар Кыргыз Республикасынын инвестициялык стимулдоо саясатын өнүктүрүүдө жана чет өлкөлүк инвестицияларды тартып келүүдө, ошо менен бирге электрэнергетика тармагындагы долбоорлорду ишке ашырууда практикалык мааниге ээ.

**11. Диссертациялык кенештин эксперти Шаршеева Нурмира Каныбековна тапшырган документтерди карап чыгып,**

М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетине жана Кыргызстан Эл аралык университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 08.24.697 диссертациялык кенешине, Шаршеева Нурмира Каныбековна 08.00.10- финансы, акча жүгүртүү жана насыя адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн “Кыргызстандын экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу көйгөйлөрү жана келечеги” темасындагы диссертациялык ишин кабыл алып, коргоого сунуштайт.

**Эксперт:**
**экономика илимдеринин**
**доктору, профессор** **Бексултанов А.А.**

УС ДС

4. II. 2025 г.